мамлекеттик органдарга жана кызматтык жактарга карабай жүргүзөт.

2.3. МККБ төмөнкү принциптердин негизинде түзүлөт жана иштейт:
- өз мүчөлөрүнүн жалпы кызыкчылыгы;
- ыктыярдуулук;
- өз мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу;
- өз алдынча башкаруу.

2.4. Өз иш-аракетинин максаттарын жана предметин аткаруу максатында МККБ төмөнкүлөргө укуктуу:
- өз иш-аракетинин максаттарын жана предметин аткарууну материалдык камсыз кылуу үчүн керектүү обочолонгон мүлкү менчигинде болууга;
- финансылык каражаттарга мектептин муктаждыгын аныктоого катышууга;
- бюджеттик жана башка агууларды мектепте уюштуруу жана өткөрүү (тамактанууну уюштуруу, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү балдар үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү, инклюзивдик балдарды окутууну уюштуруу ж.б.);
- мектепти өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга катышууга;
- өз максаттарын аткарууга керектүү иш-аракетти жүргүзүүгө;
- өз мүчөлөрүнүн, билим берүү процессинин катышуучуларынын кызыкчылыктарын мамлекеттик жана коомдук органдарда көрсөтүүгө жана коргоого;
- өз максаттарын жана идеяларын ээн-эркин пропагандалоого;
- мезгилдүү басма сөз жана башка маалымат каражаттарын уюштурууга, ошондой эле белгиленген тартипте басма сөз жана башка маалымат каражаттарын колдонууга;
- мыйзам белгилеген тартипте митинг, демонстрация, чогулуш жана башка массалык иш-чараларды мыйзам белгиленген тартипте уюштурууга;
- МККБ жоболордун негизинде Кыргыз Республикасынын аймагында жана башка өлкөлөрдө иштеген филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү ачууга;
- Кыргыз Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн жеке жана юридикалык жактарынын, кредиттик мекемелердин, банктардын зайымдары жана кредиттерин колдонууга;
- МККБ Уставына ылайык МККБ иш- аракетинин тигил же бул жактарын жөнгө салган жоболорду кабыл алууга;
- өз иш-аракетинин максаттарын жана предметин аткаруу үчүн мыйзам берген башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

2.5. МККБ өз мүчөлөрүнүн милдеттери боюнча жооп бербейт, ошондой эле МККБ мүчөлөрү коомдук бирикменин иш-аракетине жоопкерчилик тартпайт.

2.6. МККБ атайын уруксат же лицензияны талап кылган иш-аракетти уруксат же лицензиясы болмоюнча жүргүзүүгө укугу жок.

## III. ИШ- АРАКЕТТИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. МККБ иш-аракетинин негизги максаты МККБ каражаттарынын эсебинен К.Эшимбеков атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин камкорчуларынын коомдук бирикмеси мектепке демөөрчүлүк, кайрымдуулук жана башка жардам көрсөтүү болуп саналат.

3.2. МККБ милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү балдарды колдоо;
- билим берүү процессин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жана жабдууга көмөктөшүү, бөлмөлөрдү жабдуу;
- мектеп инфраструктурасын жана жер (мектепке караштуу) участкаларын оңдоого, жайлаштырууга көмөктөшүү;
- окуучулардын ар тараптуу өнүгүшү үчүн жагымдуу шарт түзүү;